| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**<br>**ЫЛАЙ-ТАЛАА**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 5 – марты, № 8/4 Ылай-Талаа айылы

**Ылай-Талаа айыл аймагындагы калктуу конуштардан катуу тиричилик таштандыларын ташып чыгуу жыйымын жыйноону ишке ашыруу боюнча анын өлчөмүн, мөөнөтүн бекитип берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндөгү" Кодексинин 24-главасынын 74,76-беренелерин жетекчиликке алып Ылай-Талаа айыл аймагындагы калктуу конуштардан катуу тиричилик таштандыларын ташып чыгуу жыйымын жыйноону ишке ашыруу боюнча Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн кирешелер боюнча башкы адиси-юристи А.Абакировдун Мамлекеттик салык кызматынын Кара-Кулжа району боюнча башкармалыгынын 18.02.2026-жылдагы №01-01-4/148 чыгуу санындагы катынын негизинде берген маалыматын угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Ылай-Талаа айыл аймагындагы калктуу конуштардан катуу тиричилик таштандыларын ташып чыгуу жыйымынын жылдык өлчөмү төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:

- айыл аймагындагы бюджеттик мекеме-уюмдары үчүн – **5000 сом;**
- айыл аймагынын тургундарына ар бир кожолук үчүн – **1800 сом;**
- айыл аймагындагы коомдук тамактануу жайларга, соода түйүндөрүнө, кызмат көрсөтүүчү жана башка коммерциялык багыттагы жайларга соода-сатык ж.б. мекемелери үчүн тиркемеге ылайык.

2.Ылай-Талаа айыл аймагындагы калктуу конуштардан катуу тиричилик таштандыларын ташып чыгуу жыйымын жыйноону ишке ашыруу мөөнөтү учурдагы жылдын 1-апрелине чейин деп белгиленсин.

3.Бул токтом Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин мамлекеттик реестрине катталсын.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Тиркелет: Тиркеме 1 баракта.

**Төрага** **А.Мойдунов**

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык
кеңешинин 05.03.2026-жылдагы № 8/4
токтомуна тиркеме

**Ылай-Талаа айыл аймагы боюнча таштанды жыйымынын мекеме ишканаларга бир жашоочуга, ал эми коомдук тамактануу жайларга, соода түйүндөрүнө, кызмат көрсөтүүчү жана башка коммерциялык багыттагы жайларга курулуштун бир чарчы метр аянтына ставкасы**

| № | Кв.метрге чейин | Ставка | Сумма |
|---|---|---|---|
| 1 | 20 | 100 | 2000 |
| 2 | 50 | 60 | 3000 |
| 3 | 100 | 40 | 4000 |
| 4 | 150 | 30 | 4500 |
| 5 | 300 | 20 | 6000 |
| 6 | 500 | 15 | 7500 |
| 7 | 800 (чейин жана жогору) | 10 | 8000 |

**Эскертүү:** Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинин 75-76-беренелеринин негизинде жыйымдын ставкасынын чоңдугун мекеме ишканаларга жылына бир жашоочуга 100 сомдон, коомдук тамактануу жайларга, соода түйүндөрүнө, кызмат көрсөтүүчү жана башка коммерциялык багыттагы жайларга курулуштун жылына бир чарчы метр аянтына бир эсептик көрсөткүчтөн көп эмес өлчөмдө төлөө мөөнөтү учурдагы жылдын 1-апрелине чейин.

**Ылай-Талаа айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин жооптуу катчысы** **С.Осмоналиев**